# КЕЛИШИМ №19

**(окуучулардын тамактануусун уюштуруунун камсыз кылуу жөнүндө)**

1- сентябрь 2020- жыл Кочкор айылы

Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн, убактылуу милдеттин аткаруучу **Ишенбек Бекишов** паспорт сериясы №AN 3237228, алган күнү 24.01.2013, берген орган МКК 50-23 (мындан ары Биринчи тарап: "**Сатып алуучу**"), жана

"АЗИЯ" дүкөнүнүн ээси, жеке ишкер **Саликеева Гульнара Шергазиевна,** паспорт сериясы №AN 2233383, алган күнү 11.03.2011, берген орган МВД 50-23 (мындан ары Экинчи тарап: "**Тейлөөчү**"), жана

О.Айбашов атындагы орто мектебинин директору **Шамыров Бакытбек Сабыралиевич** паспорт сериясы №AN 2106974, алган күнү 05.01.2011, берген орган ИИМ 50-23 (мындан ары үчүнчү тарап: "**Кабыл алуучу**") болуп төмөндөгү келишими түзүлдү.

## 1. Келишимдин предмети:

1.1. Келишим орто мектептин 1-4 класстарынын окуучуларынын тамактануусун камсыз кылууда райондук билим берүү бөлүмүнүн, орто мектептин администрациясынын жана тамактанууга керек болгон товарларды тапшыруучунун ортосундагы функцияларын, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин камсыз кылуу үчүн түзүлдү.

1.2. Келишим мектептеги окуучулардын тамактануусун уюштурууда талап кылынган сапаттагы товарлар, тамак-аштар менен өз убагында камсыз кылуу тартибин бекитет.

1.3. Келишим мектептеги окуучулардын тамактануусунун сапатын уюштурууда тараптардын шарттарын аныктайт.

1.4. Тейлөөчү талап боюнча 1% келишимдин аткарылышынын кепилдигин камсыздагандыктан, үч тараптуу килишим түзүлөт.

## 2. Келишимдин баасы:

2.1. Сатып алуучу тараптан 2020-жылдын 1-сентябрынан Кочкор районунун аймагындагы *орто мектептердин 1-4-класстары үчүн "тамак-аш сатып алууга"* тендер өткөрүү боюнча жарыя берилген. Тендерге катышууга Тейлөөчү тараптын **46 996,24 ( кырк алты мин,тогуз жуз токсон алты сом 24тыйын)** тендердик билдирүүсүн кабыл алган. Мындан ары белгиленген сумма "КЕЛИШИМДИН БААСЫ" болуп эсептелет.

## 3. Кызмат кылуунун шарттары:

3.1. Кызмат кылуу шарттары өзүнө 2-тараптын өз убагында тийиштүү тамак-аш продукцияларын жеткирип берүүнү камтыйт.

3.2. Кызмат кылуу шарттарына 1- жана 3-тараптардын окуучулардын тамактануусуна тийиштүү шарттарды түзүп берүүсүн камтыйт.

## 4. Тараптардын укук милдеттери:

**4.1. 1-тарап:**

- Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-4-класстарындагы окуучулардын санын аныктап, калькуляция түзөт;
- Таратуу пунктарынын иш эрежесин бекитет;
- Сатып алына турууччу товарлардын сапатын текшерет;
- Каражылоо болгондон кийин акча каражатын 10 иш күндүн аралыгында которулушун камсыздайт;
- Тендер комиссиясынын чечими менен 1-4-класстардын окуучуларына тамак-ашты бекитилген баа менен туруктуу берилбесе же сапатсыз тамак-аш берилсе келишимди мөөнөтүнөн мурда бузат;
- Жалпы келишимдин аткарылышын биринчи тарап, Кочкор райондук билим берүү бөлүмү көзөмөлдөйт;
- Камсыз кылып жаткан товарлардын сапаты төмөн болгон учурда, 1-тарап 2-тарапка аларды алмаштырууга мүмкүн болгон убакыт бериши керек.

**4.2. 2-тарап:**

- Товарлардын сапаттуу, өз убагында жеткирилишине милдеттүү;
- Керектелүүчү товарларды орто мектептин дарегине чейин жеткирип берүүгө же жеткирип бере албаса транспорттук чыгымдарын үчүнчү тарапка камсыздап берүүгө милдеттүү;
- Тендер комиссиясынын чечими менен 1-4-класстарынын окуучуларына тамак-аш уюштурууда тейлөөчү өз убагында, керектүү көлөмдү, сапаттуу тамак-ашты бекитилген баа менен туруктуу, бирдиктүү мектепке жеткирип берүүгө милдеттенет;
- Берилип жаткан ар бир товардын шайкештик сертификаттары болуусу зарыл.
- Жектирилген товарлардын сапаты төмөн болсо же жашыруун дефектилери аныкталса, 2-тарап аныкталган күндөн кечиктирбестен, алмаштырып берүүгө милдеттүү.
- Гигиеналык нормаларга жана эрежелерге санитардык-эпидемиологиялык текшерүү жонундо шайкештик актысын алууга милдеттуу.
- Эгерде, бериле турган азыктарга базар баасы 20% дык катыштан жогору томондоп кетсе, мониторинг аркылуу баалар аныкталып, 1-жана 2-тараптардын макулдуктары менен баалар томондолот

**4.3. 3-тарап:**

- Жеткирилип берилген товарлардын сапатын, көлөмүн текшерип алууга;
- Тейлөөчү экинчи тарап, белгиленген мөөнөтүнөн кечиктирип же сапатсыз тамак-аштарды жеткирип берсе, сатып алуучу биринчи тарапка кечиктирбестен маалыматын берүүгө милдетүү;
- Окуучулардын тамактануусун ашканаларда, буфеттерде, алар жок болсо ыңгайлаштырылган жайларда же класстарда танапис убагында окуучулардын тамак-аштарын уюштурат;
- Ар бир класстын окуучуларынын тамактануу режимин бекитет;
- Бекитилген режимге ылайык мектепте тамак-ашты уюштурууну контролдоочу, жооптуу адамды дайындайт;
- Окуучулардын тамак-ашын уюштурууда санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышына милдеттүү.

## 5. Тарапттардын жоопкерчилиги:

5.1. Тараптар ушул келишимдин шарттарын толук же жарым жартылай аткарбагандыктары үчүн мыйзам чегинде жоопкерчилике тартылышат.

## 6. Келишимдин мөөнөтү, өзгөртүлүшү жана токтотулушу

6.1. Келишимдин иштөө мөөнөтү 2020-жылдын 1-сентябрынан 2020-жылдын 1-ноябрына чейин.

6.2. Эгерде күтүлбөгөн учурларга байланыштуу (табигый, техногендик кырсыктар), келишим аткарылбай калса жана бул абал 1-айдан ашык созулса келишим мөөнөтүнөн мурун токтотулат.

6.3. Өзгөрүлөр болсо, Кочкор райондук билим берүү бөлүмү тараптарга эскертүү менен сунуштайт.

6.4. Келишимди мөөнөтүнөн мурда токтотуу Кочкор районунун билим берүү бөлүмү тарабынан аныкталат.

6.5. Бул келишим 3 (үч) нускада түзүлөт. 3 (үч) нуска бирдей юридикалык күчкө ээ.

6.6. Тараптарда келишимдин нускалары бирден сакталат.

## 7. Тараптардык юридикалык даректери:

| I – ТАРАП: САТЫП АЛУУЧУ | II – ТАРАП: ТЕЙЛӨӨЧҮ | III – ТАРАП: КАБЫЛ АЛУУЧУ |
|---|---|---|
| **Кочкор райондук билим берүүбөлүмү**<br>ИНН: 00709199210073<br>ОКПО: 02169542<br>БИК: 129027<br>р/с: 1290274131410073<br>ФОАО “РСК Банк” Кочкор айылы<br>**Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн убактылуу милдеттин аткаруучу:И.Бекишов** | **“Азия” дүкөнү**<br>ИНН: 11509196400209<br>ОКПО: 2342353<br>БИК: 121006<br>р/с: 1212000400056522<br>Кочкорский ФОАО<br>“Дос-Кредобанк”<br>**Жеке ишкер:**<br>**Г. Ш.Саликеева** | **О.Айбашов атындагы орто мектеби**<br><br>**О.Айбашов атындагы орто мектебинин директору**<br><br>**Б.С.Шамыров** |